КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ

АЛАЙ РАЙОНУ
ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ

АЛАЙСКИЙ РАЙОН
ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз V отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 32**

2024-жылдын 4-июлу — Согонду айылы

**Чоң-Бүлөлү айылындагы ичүүчү таза суунун тарифин бекитүү жөнүндө**

Чоң-Бүлөлү айылынын башчысы С. Абдырасул уулунун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, 2024-жылдын 1-июлундагы Чоң-Бүлөлү айылындагы элдик жыйындын №8 протоколунун жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун 11-пунктчасынын жана 2024-жылдын 1-июлундагы Чоң-Бүлөлү айылындагы элдик жыйындын №8 протоколунун негизинде Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Чоң-Бүлөлү айылындагы ичүүчү таза суунун тарифи Кыргыз Республикасынын Экономика жана Коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынан баасы чектелип берилгенге чейин 1 метр кубуна 60 (алтымыш) сом өлчөмүндө убактылуу бекитилип берилсин;

2. Ушул токтомго ылайык иш алып баруу Жибек Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн “Бүлөлү таза суу” муниципалдык ишканасынын директору Н. Акылман уулуна көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы Т. Камиловго милдеттендирилсин;

**Төрага** — **Т. Орозали уулу**